УДК: 94:627.8 (575.20 (04)

***Закиров Мелинбек Анарбаевич***
КР Президентине караштуу УИАнын Б.Жамгырчинов атындагы
Тарых, археология жана этнология институтунун ага и.к., т.и.к. Melinbek@mail.ru
***Тоголоков Айбек Мойдунович***
И.Раззаков атындагы КМТУнун доценти,
«Гуманитардык жана коомдук илимдер" кафедрасы, филос. и.к.
atogolokov1970@gmail.com
***Бапиев Акматбек Сманалиевич***
И.Раззаков атындагы КМТУнун доценти,
«Гуманитардык жана коомдук илимдер" кафедрасы, филос. и.к.
Bapievakmat@gmail.com

***Закиров Мелинбек Анарбаевич***
НАН при Президенте КР Институт истории, археологии и этнологии
им.Б.Жамгырчинова, кандидат ист.наук.
***Тоголоков Айбек Мойдунович***
и.доцент КГТУ им. Раззакова,
кафедра «Гуманитарные и общественные науки», канд.филос. наук
***Бабиев Акматбек Сманалиевич***
и.доцент КГТУ им. Раззакова,
кафедра «Гуманитарные и общественные науки», канд. филос. наук

***Zakirov Melinbek Anarbaevich***
*B.Zhamgyrchinov Institute of History, Archeology and Ethnology of the National Academy of Sciences under the President of the Kyrgyz Republic, candidate of historical sciences.*
***Togolokov Aibek Moydunovich***
*associate professor of KSTU named after Razzakova,*
*Department of Humanities and Social Sciences, PhD in philology sciences*
***Babiev Akmatbek Smanalievich***
*associate professor, KSTU named after Razzakova,*
*Department of Humanities and Social Sciences, PhD in philology sciences*

## БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ СУФИЗМ: КАЛЫПТАНУУСУ, ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА КООМДОГУ ОРДУ

## СУФИЗМ В ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ: ФОРМИРОВАНИЕ, ОСОБЕННОСТИ И РОЛЬ В ОБЩЕСТВЕ

## SUFIZM IN CENTRAL ASIA: FORMATION, CHARACTERISTICS, AND ROLE IN SOCIETY

**Аннотация**. Макалада тасаввуфтун калыптануусу жана Борбордук Азияда таралуусу, анын өбөлгөлөрү, маңызы жана өнүгүү этаптары каралат. Аймактагы тарикаттардын өзгөчөлүктөрү жана бай тарыхы баса белгиленет. Тарикаттардын өнүгүүсү, эшендердин ишмердиги жана алардын Борбордук Азия элдеринин руханий турмушундагы ордуна баа берилет.
**Негизги сөздөр**: Борбордук Азия, ислам, тасаввуф, тарикаттар, аскетизм, эшендер.

**Аннотация**: В статье рассматриваются формирование тасаввуфа и его распространение в Центральной Азии, предпосылки его возникновения, значение и этапы развития. Особое вни-

мание уделяется особенностям и богатой истории тарикатов в регионе. Оценивается развитие тарикатов, деятельность ишанов и их роль в духовной жизни народов Центральной Азии.
**Ключевые слова**: Центральная Азия, ислам, тасаввуф, тарикаты, аскетизм, ишаны.

**Abstract**: The article examines the formation of Tasawwuf and its spread in Central Asia, the prerequisites for its emergence, its significance, and stages of development. It highlights the unique features and rich history of the Sufi orders (tariqas) in the region. The development of the tariqas, the activities of the eshons, and their role in the spiritual life of the peoples of Central Asia are assessed.
**Keywords**: Central Asia, Islam, Tasawwuf, tariqas, asceticism, eshan.

Суфизмдин калыптанышы жана бул терминдин мааниси, анын качан пайда болгондугу жөнүндө көптөгөн илимий эмгектер бар. Түрдүү окмуштуулар өз эмгектеринде бул маселени ар кандай өңүттө карап келишкен. Мында эң негизгиси, суфизмдин этимологиясы өтө татаал жана тигил же бул гипотезаны туура деп айтуу кыйын. Ошондуктан окумуштуулардын бардык пикирлерин карап чыгып, суфизм бул такыбалыктын жолу, ал эми тасаввуф окуусун инсандын ички дүйнөсүн (батын), адеп-ахлагын оңдоочу жол катары кароого болот. Тарикат сөзүнүн жол деген маанини аңдатуусу да бекеринен эмес. Суфизм – инсанды камил (баралына жеткен) даражага чыгаруу, жаратканды ыраазычылыгын табуу жолу.

Суфизм алгач ислам дининдеги инсандын руханий тарбиясына багытталган окууларды жана руханий тажрыйбаларды өз ичине камтыган. Кээ бир окумуштуулардын пикиринде, суфизм ийкемдүүлүккө жана ар кандай тышкы таасирлерге интеграциялануу жөндөмүнө ээ болуп, бир катар аймактарда синкреттүү формага ээ болгон, тагыраак айтканда, жергиликтүү элдердин айрым каада-салттарын өзүнө сиңирип алган.

Суфизмдин же тарикатттардын калыптануу мезгилинде атайын иштелип чыккан татаал уюштуруучулук жана теориялык түзүмү болгон эмес. Алгачкы сопулар Куран жана пайгамбардын сүннөттөрүн бекем кармап, аны өз жашоосуна алып келүүгө аракеттенишкен. Мында негизги милдеттер: намаз окуу, жупуну жашоо жана орозо тутуу (кошуча орозолор), Аллага толук таянуу (таваккул), дүйнөнүн жыргалчылыктарынан жана азгырыктарынан баш тартышкан, такыба жашоо жолуна өтүшкөн [8. 35].

Алгачкы сопулар жупуну жашоону алдыңкы орунга коюшуп, жаратканды берген нематтарына канаат кылып, ашыкча мал мүлк жыйноого умутулушкан эмес. Алар кайгы-капага, азапка жана жокчулук менен барчылыкка бирдей мамиле жасашкан.

Окумуштуулар суфизмдин тарыхын бир катар этаптарга бөлүп карашат. VII-IX кк. – бул мезгилде аскетизма (зухд) күчтүү өнүккөн. Ал эми кийинки мезгилде: IX-XI кк. анын теориялык жана практикалык негиздери иштелип чыгып, илимий принциптери калыптанган. Кийинки мезгилде: XII-XIV кк. ислам дүйнөсүнүн бир катар аймактарында муршиддер жетектеген тарикаттар пайда болуп, алардын конкреттүү окуулары жайылтыла баштаган.

Исламдагы сопучулуктун калыптануусунун бир нече өбөлгөлөрү жана себептери бар жана анын өнүгүүсү ар аймакта өзүнчө спецификага ээ. Мында эң маанилүүсү ошол мезгилде аймактардагы социалдык-саясий жана экономикалык кырдаал, тигил же бул аймактарда жашашкан элдердин жашоо деңгээли жана салт-санаасы чоң таасир тийгизген.

Белгилүү болгондой, Мухаммад пайгамбардан кийин анын 4 сахабасы халифалык кылышкан (Абу-Бакр, Умар, Усман, Али). Ал учурда ислам идеалдуу нукта, пайгамбар көрсөткөн жолдо өнүккөн. Бирок, кырдаал кийинки доорлордо кескин өзгөргөн. Бийликке халифалардын душмандары же оппозициялык күчтөр келип, мурунку баалуулуктар талкаланган. Бул мезгилде араб мамлекеттүүлүгү жана бүтүндөй коом кризке кабылып, исламда мистикалык агым – сопучулук калыптана баштаган. Анын негизги максаты – жупуну, обочолонуп жашоо, дүйнө жыргалчылыктарынан баш тартуу, Куран жана пайгамбардын сүннөттүн бекем кармоо, исламдын алтын доорундагы баалуулуктарды сактап калуу болгон. Бул көрүнүш бийликтегилердин,

дегеле коомчулуктун байлыкка берилип кеткендигине каршы өзүнчө бир протест болгон. Мында инсандын өз напсиси (нафс) менен күрөшүшү, өзүнүн каалоолорун чектөөсү жана өмүрүн толук түрдө ибадатка арноосу маанилүү орунда турган.

Окумуштуулардын пикиринде, суфизм идеялары же такыбалык бардык диндерде болгон. Сопулук окуусунда бул идеялар өз кульминациясына жеткен. Мында баса белгилеп кечтү жагдай биз бардык диндерди бир система катары кабыл алып, Ислам динин акыркы дин катары караганда гана андагы бардык кубулуштарды терең түшүнүүгө мүмкүндүк түзүлөт. Изилдөөчүлөр Идрис-Шах менен Инаят-хан суфизмдин келип чыгуусу жана өнүгүүсү боюнча бир топ изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн [5. 12]. Бирок, алардын бир катар гипотезалары чындыкка жакындашпайт. Алар тасаввуф окуусун ислам дининин алкагында карабай, андагы башка окуулардын, диндердин таасирин ашыра баалап жиберишкен. Тасаввуфта, албетте, мурунку диндердин таасири болгону менен ал өзүнө гана таандык өзгөчөлүккө жана баалуулуктарга ээ.

Батыш окмуштуулары аны христиан динindeги монахтар менен же алардын диний ордендери менен бирдей карашат. Бирок, бул иш жүзүндө илимий жактан негизсиз гипотеза [5. 165; 6.23]. Мистикалык каада-салттар миңдеген жылдар бою адамзат тажрыйбасынын ажырагыс бөлүгү болуп келген жана анын издерин байыркы Египет, Грецияда жана Индия элдеринин маданияттарынан жана диний окууларынан байкоого болот.

Белгилүү тасаввуф аалымы, олуя Хасан аль-Басри (642-728-жж.) сопучулуктагы жупуну жашоо (аскетизм) жолун руханий кубулуш катары түшүндүрүүгө аракеттенген. Анын пикиринде, сопу өзүнүн нафсын (кумарлануу, каалоолорун) жеңүүгө, бул дүйнөнүн жыргалчылыктарынан алыстоого тийиш [11. 134]. Ал диний билимдер: Алладан коркуу, боорукердик, уялуу, Аллахка болгон сүйүү (ишк) ж.б. сыпаттарсыз эч кандай баалуулукка ээ эмес деп эсептеген [11. 134].

7-8 кк. Багдад, Басра жана Хорасанда тасаввуф илиминин теориялык негиздери калыптанып, бүт ислам дүйнөсүнө белгилүү аалымдар фундаменталдуу эмгектерди жазышкан.

Арабдардын Борбордук Азияда ислам динин таратуусу менен бирге аймакта исламий илимдер жайылтылып (тафсир, хадис таануу, фикх, калам ж.б.) жана маданият жаңы баскычка көтөрүлгөн. Белгилүү болгондой, Түркстан аймагында жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алган ханафизм масхабы тамыр жайган. Бухара шаарында ханафи мазхабынын аалымдары калыптанып, фикх, калам жана хадис таануу илимдери боюнча бир катар эмгектер жарык көргөн.

Мавераннахрдагы тасаввуф окуусу Хижаз, Ирак, Сирия, Египет жана Хорасан сыяктуу ири исламий борборлор менен тыгыз байланышта өнүккөн. Абу Бакр ал-Васити, Жунайд ал-Багдади жана Абу-л-Хусайн ан-Нури ж.б. тасаввуф аалымдарынын окуулары аймактагы сопучулуктун өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн [3.17].

Аталган аймакта бүт ислам өлкөлөрүнө тараган – йассавиа, хажаган-накшбандия, кубравия (ишкия) тарикаттары пайда болуп, алардын идеялык негиздери, принциптери, окуулары калыптанган [10. 56]. Борбордук Азияда тасаввуфтун ири өкүлдөрү ислам аалымдарынын, ошондой эле соодагерлердин, кол өнөрчүлөрдүн чөйрөсүнөн чыккан.

Суфизмдин аймакта жайылышында муршиддер (пирлер) чоң кызмат кылышкан. Алардын жашаган жерлери (ханака, заввия, теке ж.б.) тасаввуф илимин жайылтуучу борборлорго айланган. Ханака муршидин жашаган жери же зикр чалуучу жай болгон. Анда миңдеген муриддер чогулуп зикр чалып, тасаввуф илимин үйрөнүшкөн.

Түркстандагы суфизм бир катар өзгөчөлүктөргө ээ. Мында сопучулук ички руханий (батиний) илимди өздөштүрүү менен бирге табыпчылык (өзгөчө психикалык жактан оорулууларды айыктыруу) иштерин да кошо алып барышкан.

Эшендер тигил же бул коомдо элиталардан болушкан жана алар исламга чейинки салттуу түшүнүктөрдү жана практикаларды ислам менен айкалыштыра алышкан.

Совет бийлиги орногонго чейин Түркстан аймагынын дээрлик ар бир шаарларында жана ири кыштактарында жок дегенде бирден эшен болгон. Ал эми чоң

шаарларда болсо бир нече эшендер болуп, түрдүү тарикаттарды же бир эле тарикаттын ар түрдүү бутактарын жетектешкен (муршиддер). Мисалы, 1900-ж. Ташкент шаарында 4 илимдүү эшендер болуп, алардын ар бири кеминде 2000ге чейин муриддерди даярдашкан (руханий жактан тарбиялашкан) [9. 89].

Эшендин ханакасында жашашкан муриддер анын руханий тарбиясын (таалимин) көбүрөөк алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Анткени алар муршиддин жанында болуп, анын тарбиясында болушкан. Бирок, башка аймактарда жашашкан адамдар да баят кылып (кол берип) вазипа алып, мурид болуп, өз вазипаларын такай аткарышып, жергиликтүү сухбаттарга катышып жүргөндөр да муршиддин таалиминде, назарында болушкан. Ошондуктан, көчмөн элдердин көптөгөн урууларынын өкүлдөрү ири шаарларга барып, же эшендер тигил же бул аймактарга келип баят кылдырып, вазипа берип, өз таалимине алып, руханий жактан тарбия берип турушкан.

Белгилүү болгондой, эшендер да бир катар даражаларга ээ болгон: кутб, гавс, абдол, автад ж.б. Эң кадырлуу эшендер эл арасында Аллах менен карапайым адамдардын ортосундагы ортомчу катары эсептелишкен жана алардын такыбалыгы жана илиминен улам дуалары кабыл болгон. Ошондуктан карапайым калк түрдүү апааттар учурунда, ооруга кабылганда, иштери жүрүшпөй жаткан учурда эшендерге кайрылып, дуа кылдырышкан. Өз кезегинде, алардан кыйынчылыктар кетип, жакшылык иштер башталганда алар эшенге келишип түрдүү белектерди тартуулашкан. Көпчүлүк адабияттарда эшендер ушундай жол менен байууга аракеттенишкен деп жазышат. Бирок, иш жүзүндө баары башкача болгон. Эшенге белек иретинде берилген мал-мүлктүн көпчүлүгү талабаларды окутууга, мечит, мелдресе салууга, муктаждарга жардам берүүгө жумшалган. Ал эми эшендердин, дээрлик көпчүлүк бөлүгү өтө жупуну жашашкан. Адатта алар тоолуу жерлерде, айылдардын четтеринде жашап, бул дүйнөнүн азгырыктарынан оолак болушкан. Ал эми шаарларда жашаган эшендер бир эле мезгилде тарикатты эле жетектеп тим болбой, ошол шаардагы башкы же белгилүү мечиттерде имамдык кылып, үгүт, агартуучулук иштерин алып барышкан [4. 51].

Эшен, калпалар, адатта, такыба болуп, жупуну жашашкан. Алар эл арасында кадыр-баркка ээ болушкандыгынын себеби да ушунда. Алар, жогорудай айтылгандай, өздөрүнө белекке берилген материалдык байлыктарды, көбүнчө, карапайым калкка таркатып турушкан. Бир эле мезгилде аларда табыпчылык касиет да күчтүү болгон. Дем салуу, түрдүү чөптөр менен дарылоо ыкмаларын эшендерден дуа алышкан молдолор да билишкен. Батыш, анын ичинде орус изилдөөчүлөрүнүн эшен-калпалардын көбү илимсиз болушкан деген гипотезалары менен макул болуу кыйын. Анткени, эшен даражасы тасаввуф илимине ээ, шарият илимдерин терең билген, Куран жаттаган жана бир топ талаптарга жооп берген адамдарга гана берилген. Изилдөөчү И.Гейер ислам динин жана маданиятын үстүрттөн чечмелөөгө каршы чыгып, эшендердин же муршиддердин чыныгы такыбалыгына, алардын жасаган эхсан, садакаларына, соопиштерине көңүл буруп, аларга таазим эткен. Түркстан аймакгында мындай эшендер өтө көп экендигин баса белгилеген [4. 52].

Түркстан аймагын орустар басып алган мезгилде же 19 к. аяк ченинде эшендердин саны өтө көп болгон. Мындай көрүнүш ошол мезгилде илим өтө күчтүү болгонунан кабар берет.

Накшбандия тарикатынын белгилүү өкүлү, такыбалыгы жана олуялыгы менен даңкы чыккан Ташкенттик Баба-Ахун Шадман-Хожа Эшен болгон. Ал бир эле мезгилде өтө күчтүү табыптык касиетке ээ болгон жана бүт өмүрүн элге кызмат кылууга арнаган. 1892-ж. аймакта холера оорусу жапырт таралып кеткен учурда Шадман-кожо Эшен Чимкенттен – Түркстан шарына чейинки талааларда жашаган карапайып калктан кабар алып, оорулууларга кол тийгизип, дуа окуп айыктырып турган. Мунун баары керемет кубулуш эле. Ташкент, Кокон, Самарканд, азыркы Казакстандын аймактарында көптөгөн муридерди даярдаган Ташкенттик Ахмад Калпанын (Эшен) дагы өтө күчтүү илими болгон жана эл ага урмат-сый менен мамиле кылган [2. 102]. Бул мезгил аймакта ислам аалымдары,

илимдүү эшендер көп болгондугу менен айырмаланат. Бирок, тилекке каршы, Кокон хандыгы талкаланып, Бухара эмираты жана Хива хандыгы Орусияга көз каранды болуп калган мезгилден тартып динге, аалымдарга кысым көргөзүү жараяны башталып, ислам акырындык менен алсырай баштаган.

Белгилей кетсек, эшен жана молдолордун басымдуу бөлүгү отурукташкан элдердин өкүлдөрү болушкан. Бирок, көчмөн турмушта жашашкан элдерден да эшендер чыккандыгы белгилүү. Алардын баары, улутуна карабай, эл арасында чоң кадыр-баркка ээ болушкан.

Жогоруда белгилегендей, азыркы Кыргызстандын аймагында, анын ичинде Борбордук жана ички Теңир-Тоодо сопучулук кеңири жайылтылган жана коомдук турмушта анын таасири күчтүү болгон. Тарикат жамааттары (эшен, калпалар) кыргыздар арасында да болуп, бир топ илимдүү муршиддер чыккан. Ага акыркы мезгилдерде жарыяланып жаткан китептер, макалалар ачык күбө [1.230]. Тарыхый булактарда Өзбекстандык Мухаммед-Али Инагам Эшендин Токмок шаарында көптөгөн муриддери бар экендиги, анын Кыргыз жергесиндеги калпасы (халифасы) (орун басары) Молдо Мухаммед-Карим экендиги айтылат. Жаңы маалыматтарга таянсак, түштүк Кыргызстанда бир нече илимдүү эшендер болгон жана алар миңдеген муриддерди тарбиялашкан. Мисалы, Наманган, Үч-Коргон шаарларында Кожо Акмат эшен (анын эки атасы, чоң атасы эшен болгон). Кожо Камат эшендин урпактары азыркы учурда Аксы, Ноокен, Үч-Коргон, Жалалабат шаарларында жашашат.

Кокон хандыгында белгилүү болгон Бек эшен (кабыры Ош шаарындагы Сулайман тоонун этегине коюлган), Бек-эшендин неберелери Абдрахман эшендер болгон. Азыркы учурда[1] Базар-Коргон районунун Шыдыр, Коткор (Гөлөгөн-Арык) жана Беш-Бадам айылдарында Абдрахман эшендин урпактары жашашат[2]. Анын кабыры Каба айылындагы "Шейит-Мазарга" коюлган. Өз мезгилинде Абдрахман эшенден аймактагы бир топ молдолор андан илим алышып, ислам динине, элине кызмат кылышкан. Мунун баары советтик мезгилде динге каршы катаал саясат жүрүп жаткан учурда ишке ашкандыгын баса белгилеп кетүү зарыл.

Эшендер исламда өзгөчө илимди алып жүрүүчүлөр жана руханий күчкө ээ катары таанылышкан. Ошондуктан алар-дын басымдуу бөлүгү көздөрү тирүү кезинде эле коомчулукта бааланып, кадыр-баркка ээ болушуп, дүйнөдөн өтүшкөндөн кийин алардын кабырлары зыярат кылуучу жайларга айланып, такыбалыкты бекемдөөдө өзгөчө бир күчкө ээ болгон. Алардын кабырларын зиярат кылып, дуа кылуу – эч кандай ширк амалдарга кирбейт. Тескерисинче, тигил же бул коомдогу олуялардын эстөө, алардын күмбөздөрүн зиярат кылуу – ыймандын бекемделишине өбөлгө түзүп, инсандын бул дүйнөнүн азгырыктарынан куткарууга көмөк көргөзөт.

Пайгамбардын мусулмандар кабырстандарды тез-тез зиярат кылып туруусу керек экендиги жөнүндөгү хадиси алардын, биринчи, өткөндөрдү эстеп туруусу, экинчи, өлүмдү эстеп туруусу, үчүнчү бул дүй-нөнүн убактылуу жыргалчылыктары алар-ды азгырып койбосун дегенге ишаарат экендигин айта кетүү абзел.

Исламдагы жадидчилик кыймылы же окуусунун бир катар өкүлдөрү ислам окуу жайларын жаңы шатка ылайык өзгөртүү, диний илим алуу менен катар дүйнөлүк илимдер боюнча сабактарды окутуу маселелерин көтөрүп чыгышкан. Алар өздөрүнүн мындай прогрессивдүү идеяларын өз мезгилинин белгилүү тарикат жетекчилери менен биргеликте көтөрүп чыгышып, алар менен тыгыз кызматташта болушкан. Мисалы, XX к. баш ченинде Түркстан аймагындагы бир катар шаарларда сопу-молдолор жаңы, европалык үлгүдөгү мектептерди негиздөө жараяндарына жигердүү катышкан.

Дукчи-эшен (Мухаммад Али-эшен же Ийикчи-эшен) жетектеген 1898-ж. Анжиян көтөрүлүшү орус бийлигине каршы уюштурулган. Бирок, акыркы мезгилдеги изилдөөлөрдө бул козголоң орус бийлиги тарабынан атайын уюштурулгандыгы, максат аймактагы илимдүү эшендердин таасирин

[1] *Талаа материалдары.*
[2] *Ошол эле.*

алсыратуу экендиги баса белгиленүүдө. Мында кошумчалап кетчү нерсе, көтөрүлүштөн кийин Түркстан аймагында эшендердин кадыр-баркы түшүп, алардын жер которуп жүрүшүнө, бир жерден экинчи жерге барганга да тоскоолдуктар жаралып, алардын ишмердүүлүтөрү толук көзөмөлдөнүп калган. Эшендердин таасиринен чочулаган орус бийлиги аларды жалпы Түркстан аймагында эркин жүрүү укугунан ажыратышкан. Алар эшендерди Түркстан элдерин исламдын туусу астында бириктирүүгө аракеттенип жатышат деп күнөөлөшкөн.

Жалпысынан алганда, сопучулук Түркстан аймагында жашаган элдердин коомдук, руханий жашоосунда зор орунда турган. Анткени, алар бир эле мезгилде агартуучулук иштерин жетектеп, жергиликтүү дарыгерлик салттарды өнүктүрүп, исламий адеп-ахлактады, исламий жашоо эрежелерин коомчулукка жеткирүүдө негизги күчкө айланган. Ошондуктан суфизмдин аймактаргы элдердин социалдык жана руханий өнүгүүсүндө салымы баа жеткис десек жаңылышпайбыз. Орусиянын аймактагы баскынчылык саясаты учурунда, жада калса Кавказ аймактарында да коомдук-саясий кырдаал курчуп турганда эшендер, аймактагы тарикат пирлери идеялык-саясий ролдорду аткарышканы маалым.

**Адабияттар:**


1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. Фрунзе, 1990.
2. Али-заде А. Исламский энциклопедический словарь. М., 2007.
3. Бабаджанов Б. Современные суфийские группы в Узбекистане и Центральной Азии https://philologist.livejournal.com/8771328.html
4. Гейер И.И. Туркестан. Ташкент, 1909. С.30.
5. Инайат Хан. Учение суфиев. М. 2009.
6. Ислам на территории бывшей Российской империи. Энциклопедический словарь. М.2006.
7. Кныш А.Д. Мусульманский мистицизм. СПб., 2004.
8. Крымский А. Е. Очерк развития суфизма до конца III века гиджры. М., 1895.
9. Легенгаузен Мухаммад. Современные вопросы исламской мысли. М., 2009.
10. *Нуртазина Н.Д. Ишаны Туркестанского края* // Вестник КазНУ. Серия историческая,. 2012. № 1(64).
11. Рахимов К.Р. Условия возникновения суфизма в Центральной Азии// Исламоведение. 2020. Т. 11, №2.
12. Топбаш Осман Нури. Тасаввуф. Ыймандан Ихсанга. Бишкек, 2009.
13. *Тримингэм Дж. С. Суфийские ордены в исламе.* М.: Наука, 1989.
14. Шангараев Р.Р. История суфизма.Учебное пособие. Казань.2020.
15. Шах И. Суфизм. М.1994.
16. Хасан Камил Йылмаз. Тасаввуф и тарикаты. М., 2007.
17. Юсуф Хаттар Мухаммад. Энциклопедия суфизма.М., 2005.